УДК 330.821.1
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-446-452

**Койчуманов М.Т.**
экономика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
maksatbektk@gmail.com
**Албанбаева Дж.О.**
ага окутуучу
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
dalbanbaeva@gmail.com

# МАМЛЕКЕТТИК-ЖЕКЕ ӨНӨКТӨШТҮК ЫКМАСЫНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УЧУРКУ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

**Аннотация.** Макалада мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) ыкмасынын маңызы, б.а. мамлекет менен бизнестин өз ара аракеттенүүсү тууралуу илимий талкуу, МЖӨ түрүндөгү долбоорлорду ишке ашыруудагы негизги тоскоолдуктар жана натыйжалуу чечүү жолдору дыкат каралган. МЖӨ механизмдери экономикалык кризис учурунда инвестициялык долбоорлорду иш-жүзүнө ашыруу үчүн бюджеттик эмес ресурстарды тартуунун негизги ыкмалардын бири катары колдонулушу мүмкүн. Бул өбөлгөлөрдүн жыйындысын изилдөө ийгилик факторлорун өзүнө камтыган МЖӨнүн пайда болушунун жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүүгө жана мамлекеттик натыйжалуу стратегияны иштеп чыгууда салымы зор. МЖӨнүн формалары жана түрлөрү өлкөнүн инновациялык өнүгүүсүндөгү маанилүү милдеттерди чечүүдө колдонууга болот.

Макаланын илимий баалуулугу болуп мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерди колдонуу аркылуу институционалдык маселелерин комплекстүү-логикалык көз караштагы ийгиликтүү чечүү жолдорун иштеп чыгуу саналат.

**Негизги сөздөр:** мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, институттук реформа, инвестициялык климат, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизми, концессиялык келишим, мамлекеттик келишимдер, илимий-технологиялык жана инновациялык өнүгүү, технологиялык платформалар, долбоорлорду ишке ашыруу моделдери жана алкактык программалар.

**Койчуманов М.Т.**
кандидат экономических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г.Бишкек
**Албанбаева Дж.О.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г.Бишкек

# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ ГОСУДАРСТВЕННО-ЧАСТНОГО ПАРТНЕРСТВО В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация.** В статье подробно рассматривается научная дискуссия по поводу сущности государственно-частного партнерства (ГЧП), т.е. взаимодействия государства и бизнеса, а также раскрываются основные проблемы внедрения ГЧП и наиболее осуществимые пути их решения. В кризисных экономических условиях механизм ГЧП может быть применен как один из ключевых способов привлечения внебюджетных ресурсов для реализации инвестиционных проектов. Изучение данных предпосылок позволяет понять закономерности возникновения и развития ГЧП, включая факторы успеха, и применить их для выработки эффективной государственной стратегии.

Разнообразные формы и виды ГЧП могут быть применены для выполнения первоочередных задач инновационного развития страны. Научная ценность данной статьи заключаются в построении целостно-логического видения решения институциональных проблем, путем применения механизмов государственно-частного партнерства.

**Ключевые слова:** государственно-частное партнёрство, институциональная реформа, инвестиционный климат, механизм государственно-частного партнерства, концессионное соглашение, государственные контракты, научно-техническое и инновационное развитие, технологические платформы, модели реализации проекта и рамочные программы.

**Koichumanov M.T.**
Candidate (Ph.D) of Economical sciences, acting associate professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Albanbaeva Zh.O.**
senior lecturer
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## CURRENT STATE AND PROSPECTS OF PUBLIC-PRIVATE PARTNERSHIP IN KYRGYZSTAN

**Abstract.** This article provides a detailed examination of the academic debate on the nature of public-private partnerships (PPPs), focusing on the interaction between government and business. It identifies the key challenges in implementing PPPs and explores the most feasible solutions. During economic crises, the PPP mechanism can serve as an important tool for attracting extra-budgetary resources to finance investment projects. Analyzing these prerequisites helps us understand the patterns of PPP emergence and development, including the factors that contribute to their success, and apply these insights to the formulation of an effective government strategy.

Various forms and models of PPPs can be utilized to address the country's priority objectives in innovative development. The scientific value of this article lies in its contribution to building a holistic and logical vision for solving institutional problems through the effective application of public-private partnership mechanisms.

**Keywords:** public-private partnership, institutional reform, investment climate, public-private partnership mechanism, concession agreement, government contracts, scientific, technological and innovative development, technology platforms, project implementation models and framework programs.

**Киришүү**. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) ыкмасы бюджеттик ресурстар чектелген учурларда, инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды мобилизациялоо мезгилинде көбүрөөк колдонулган, маанилүү курал катары колдонулуп келе жатат. МЖӨ мамлекет менен жеке сектордун күч-аракетин айкалыштырып, коомдук мааниге ээ болгон долбоорлорду ишке ашырууга багытталууда. Бул ыкма долбоордун аткарылышына катышкан бардык

МЖӨ механизминин мааниси кийинки жылдары өзгөчө өсүп, экономикалык өнүгүүнү тездетүүчү, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүүчү негизги багыттардын бирине айланууда. Ошондуктан мамлекеттик жана жеке сектордун өз ара натыйжалуу кызматташуусу өлкөнүн келечектеги туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү фактор болуп саналат деген пикирдебиз.

МЖӨнүн өлкөдөгү учурку абалына жана анын келечегине тутумдуу баа берүү, чакырыктардын тараптарга пайдалуу. Мисалы, мамлекет инфраструктураны өнүктүрүү, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүү жана инвестиция тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, жеке сектор үчүн туруктуу жана узак мөөнөттүү долбоорлорго катышып баалуу тажрыйбага ээ болуу, киреше табуу жана жаңы рынокторду өздөштүрүү шарттары түзүлөт.

МЖӨнүн Кыргызстанда өнүгүүсү 2019-жылдын 22-июлунда кабыл алынган “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк” жөнүндөгү мыйзамдан жана ченемдик-укуктук актылардан жана адистештирилген институттардын пайда болушунан кийин жаңы дем алды. Кыргыз Республикасында негизинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдеринин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана сунуштарды иштеп чыгуу авторлор тарабынан максат кылып коюлду.

**Методология.** Илимий макаланы жазууда нормативдик актылардын: Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин расмий маалыматтары, аталган министрликтин алдында түзүлгөн МЖӨ борборунун, эл аралык уюмдардын: Дүйнөлүк Банк, Эл аралык финансы корпорациясынын, ж.б. материалдары колдонулду. Илимий эмгекти жазууда сандык ыкма, топтолгон материалдарды талдоо, триангуляция жана корреляциялык анализ ыкмалары колдонулду.

Кыргызстанда мамлекеттик-жеке өнөктөштүк принциптеги долбоорлор боюнча саптаттуу кеңеш берип, аларды иш-жүзүнө ашырууда зор роль ойного орган болуп мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору саналат. Бул борбор Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы “Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору” мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө” токтомуна ылайык түзүлгөн [1].

Түзүлгөн МЖӨ борборунун негизги максаты болуп инвестицияларды тартуу, МЖӨ механизмдерин колдонуу менен жеке сектордун башкаруу тажрыйбасын жогорулатуу аркылуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык инфраструктурасынын мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун ишке ийгиликтүү ашыруу болуп саналат. Мамлекеттик өнөктөштөргө жардам көрсөтүүнү камтыган МЖӨ долбоорлорун башкаруунун зарыл системасын түзүү аркылуу Кыргыз Республикасынын ар кандай социалдык маанилүү секторлорунда мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун көзөмөлдөө жана МЖӨ механизмдерин жайылтуу саналат.

Бир жагынан, бул ыкманын негизинде өлкөгө маанилүү болгон долбоорлордун санын өстүрүү максатында, экинчи жагынан, рыноктогу учурку чакырыктарды, өзгөрүүлөрдү эске алуу менен 2021-жылдын 11-августунда Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндөгү” мыйзамына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген [2]. Аталган мыйзамдын 3-4-беренелеринде “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк – бул инфраструктуралык объектилерди жана/же инфраструктуралык кызматтарды көрсөтүү жана/же модернизациялоо, эксплуатациялоо жана тейлөө боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу максатында мамлекеттик жана жеке өнөктөштөрдүн кызматташуусу деп так берилген. Жана ошондой эле, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк ыкмасы төмөнкүдөй багыттарда:

- инфраструктураны куруунун жана кызмат көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатууда;
- инфраструктура объектилерин жана кызмат көрсөтүүлөрдү долбоорлоого, курууга жана/же модернизациялоого, эксплуатациялоого мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун жогорулатууда;
- өлкөнүн экономикасына инвестицияларды тартууда;
- жеке сектордон кошумча башкаруу потенциалын пайдаланууда;
- инфраструктуралык долбоорлордо активдердин жашоо циклиндеги баасы менен алардын сапаты же максатка ылайыктуулугу ортосундагы оптималдуу баланска жетишүүдө;
- жеке сектордун инновацияларын жана натыйжалуулугун колдонууда;
- жаңы технологиялардын өсүшүнө жана өнүгүшүнө дем берүүдө активдүү колдонсо болот деп жазылган.


Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк принцибиндеги долбоорлордун артыкчылыктарын окумуштуу-экономисттер да баса белгилешкен. Мисалы, Ян Ваславски “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк: социалдык маанилүү инфраструктураны өнүктүрүүнүн келечеги” аттуу илимий эмгегинде “Заманбап рынок экономикасынын шартында, мамлекет менен компаниялардын кызматташуусунун көптөгөн формалары бар экендиги маалым эмеспи. Ал эми мамлекеттик-жеке өнөктөштүк ыкманын өзгөчөлүгү болуп тараптардын өз алдынча иш алып баруусуна караганда, биргелешкен долбоорлорду иш-жүзүнө ашыруу алда канча пайдалуу экендигинде” деп баса белгилеген [3].

Е.П.Карлина, А.С.Коваленкова, М.А.Григорьев өздөрүнүн “Мамлекеттик-жеке өнөкиөштүк: долбоорду аткаруунун модели, формасы жана механизмдери” илимий макаласында мамлекет тарабынан биргелешип каржылоону, капиталга катышууну, келишимде көрсөтүлгөн активди башкаруу боюнча ыйгарым укуктарды берүүнү, жеке өнөктөшкө мүлктүк укуктарды берүүнү уюштурууда МЖӨ ыкмаларын колдонуу жакшы жыйынтык берет деген пикирди айтышкан [4].

Биз “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк–бул инфраструктуралык объектилерге инвестиция жасап, аларды натыйжалуу эксплуатациялоо жана кызмат көрсөтүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу максатында мамлекеттик жана жеке өнөктөштөрдүн биргелешкен аракети деп түшүнүү туура деген ойдобуз.

Жогоруда аталган шарттар өлкөбүздө түзүлгөн соң, МЖӨ принцибиндеги долбоорлорго кызыгуу өсүп жаткан тенденция байкалат. Өзгөчө энергетика (анын ичинде кайра жаралуучу булактар), транспорт (логистика, авто жолдор, темир жол), саламаттыкты сактоо, коммуналдык кызматтар жана логистикалык борборлор багытындагы долбоорлор

көбүрөөк аткарылууда. Эң приоритеттүү деп өндүрүш, социалдык жана медицина тармактары 1-диаграммада берилди [5].




1-диаграмма. **Кыргызстанда мамлекеттик-жеке өнөктөштүк тибиндеги долбоорлор иш-жүзүнө ашкан негизги секторлор**

Диаграммада 86 пайызы өндүрүш тармагына, 10 пайызы социалдык багытка жана 4 пайызы медицина тармагына таандык экендиги көрүнүп турат. Кийинки кезде, экономиканын башка тармактарындогы МЖӨ тибиндеги долбоорлордун саны өсүшү байкалууда.

Иш-жүзүнө ашырылган МЖӨ тибиндеги долбоорлорду анализдеп чыгып, ийгиликтин факторлору катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетмекчибиз:

- Күчтүү институционалдык колдоо. Кыргызстанда МЖӨ борборунун түзүлүшү жана профилдик мыйзамдын кабыл алынышы системалуу иштин негизин түздү.
- IFC, ЕБРР, Дүйнөлүк банк сыяктуу эл аралык өнөктөштөрдү тартуу долбоорлорду иреттөөгө жардам көрсөтүп, тобокелдиктердин деңгээлин төмөндөтүп, инвесторлордун ишенимин арттырды.
- Калкка түздөн-түз пайда алып келген “көрүнүктүү” жана социалдык мааниге ээ болгон долбоорлорго басым жасоо.

Ошол эле мезгилде, тобокелдиктер жана чектөөлөр болбой койгон жок. Мисалы, институционалдык жетишсиздиктерди жана донордук уюмдардын колдоосуна көзкарандылыктын дагы деле жок эместиктигин айтсак болот. Мындан тышкары, каржылык жана валюта тобокелдиктер, башкача айтканда валютада түзүлгөн узак мөөнөттүү келишимдер девальвация болгон учурда өлкөнүн бюджетине кошумча жүк жаратат.

Биздин пикирибизде, тобокелдиктердин жана чектөөлөрдүн эң негизгиси болуп коомдук ишенимдин деңгээли саналат. Кыргызстанда МЖӨ тибиндеги долбоорлор экономиканын туруктуу өнүгүүсү, инфраструктуранын жаңылануу жана социалдык кызматтардын сапатын жогорулатуу үчүн маанилүү ыкма болуп калды десек туура болот.

Келечекте МЖӨнү кеңейтүүнүн негизги багыттары болуп төмөнкү багыттар болушу толук ыктымал:

- Энергетика жана кайра жаралуучу булактар. Келечекте күн, шамал жана гидроэнергетика долбоорлорун жеке сектор менен биргеликте өнүктүрүү аркылуу өлкөнүн энергия коопсуздугун чыңдоого болот.
- Транспорт жана логистика. Авто- жана темир жолдорду, логистикалык борборлорду куруу жана модернизациялоо үчүн МЖӨ ыкмасы менен чет өлкөлүк жана ички инвестицияларды тартуу толук мүмкүн.
- Саламаттыкты сактоо жана билим берүү. Диализ борборлору сыяктуу социалдык маанилүү долбоорлордун саны көбөйүп, калкка жеткиликтүү жана сапаттуу кызмат көрсөтүүнү камсыздай алат.
- Коммуналдык кызматтар жана инфраструктура. Суу, газ, жылуулук берүү жана кир жуугуч жайларды модернизациялоо үчүн жеке сектордун катышуусу менен натыйжалуу башкаруу мүмкүнчүлүгү.
- Катышуунун форматтарын диверсификациялоо. Концессиялар жана классикалык BOT/МЖӨ моделдеринен тышкары, натыйжага багытталган келишимдер жана аралаш каржылоолордун моделдери (инфраструктуралык облигациялар фондунун катышуусун кошкондо) колдонулушу мүмкүн, бул долбоорлорду жеке инвесторлор үчүн ийкемдүү болтурат.
- Институционалдык жана укуктук негиздин чыңдалышы. МЖӨ борборунун иш-аракеттери, мыйзамдардын жана укуукктук-ченемдик документтердин бекемделиши долбоорлорду ыкчам жана натыйжалуу жүргүзүүгө шарт түзөт.
- Процедураларды санариптештирүү жана стандартташтыруу. Ачык конкурс платформаларын, документтерди ачык жарыялоо жана келишимдердин аткарылышын мониторинг жасоону санариптештирүү инвестициялык жагымдуулукту жогорулатат. МЖӨ борбору жана Экономика жана коммерция министрлиги методикалык материалдарды жарыялап, мындан ары стандартташтыруу үчүн негиз түзүп жатат деп айтууга болот.

**Жыйынтык:** Кыргызстан МЖӨ тибиндеги долбоорлорду натыйжалуу иш-жүзүнө ашырып, бул ыкма туруктуу иштей алат деген пикирди айтууга болот. МЖӨ багытында туруктуу өнүгүү үчүн институционалдык колдоо, укуктук негиз, эл аралык өнөктөштөр менен кызматташтык жана коомдук ишеним абдан маанилүү эмеспи. Бул шарттар мындан ары да сакталса, МЖӨ ыкмасы Кыргызстанда инфраструктуралык, экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн негизги өзөгүнүн бирине айланышы толук мүмкүн деген ойдобуз.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**


1. https://ppp.gov.kg/ky/about-centre
2. https://cbd.minjust.gov.kg/112275/edition/1077389/ru
3. Ваславски Ян “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк: социалдык маанилүү инфраструктураны өнүктүрүүнүн келечеги” [Текст] / Я.Ваславски.-МГИМО жарчысы, 2019, № 4, 78-б.
4. Карлина Е.П., Коваленкова А.С., Григорьев М.А. [Текст] / Е.П.Карлина, А.С.Коваленкова, М.А. Григорьев.-Мамлекеттик-жеке өнөкиөштүк: долбоорду аткаруунун модели, формасы жана механизмдери.-Астрахань мамлекеттик техникалык университетинин жарчысы, экономика, 2018, №4, 72-б.

5. Койчуманов, М. Т. Финансовое обеспечение инвестиционных проектов государственно - частного партнерства в Кыргызстане и Китае / М. Т. Койчуманов // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. – 2014. – № 3(29). – С. 219-222. – EDN VPPABC.
6. https://ppp.gov.kg/ky/projects?tfc_storepartuid
7. Койчуманов, М. Т. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун иш жүзүнө ашыруу ыкмалары / М. Т. Койчуманов // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2023. – No. 1. – P. 391-393. – DOI 10.33514/1694-7851-2023-1-391-393. – EDN VVIUAF.

**Рецензент: экономика илимдеринин кандидаты, доцент Усеналиева Д.А. К.Карасаев атындагы БМУ**